**“БЕКИТЕМИН”**

**КР УИАнын А.А.Алтмышбаев атындагы Философия, укук жана социалдык-саясий изилдөөлөр институтунун директору, профессор**
**________________ Н.К.Саралаев**
**3-июль, 2023-ж.**

**Алымбаев Абдрахман Мырзагуловичтин 09.00.03 – философиянын тарыхы адистиги боюнча философия илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган “Байыркы кыргыз дүйнөтаанымынын мифо-эпикалык табияты: Теңир философемасынын эволюциясы” аттуу диссертациясы боюнча А.А.Алтмышбаев атындагы Философия, укук жана социалдык-саясий изилдөөлөр институтунун динтаануу жана дин философиясы бөлүмүнүн 2023-жылдын 29-июнунда өткөн кеңейтилген жыйынынын (№3 протокол)**

# БҮТҮМҮ

**КАТЫШКАНДАР:**

Салморбекова Р.Б. – социология илимдеринин доктору, профессор (**төрайым**); Арзыкулов Ж.К. – институттун окумуштуу катчысы; Сариева К.С. – философия илимдеринин доктору; Стамова Р.Д. - философия илимдеринин доктору, профессор; Кайыпов С.Т. – тарых илимдеринин доктору, профессор; Козубаев Ө.К. - философия илимдеринин доктору, профессор; Мукасов Ы.М. - философия илимдеринин доктору, профессор, академик; Карабукаев К.Ш. - философия илимдеринин доктору; Нусупов Ч. Т.- философия илимдеринин доктору, профессор; Дюшалиев К.Ш. - искусство таануу илимдеринин доктору, профессор; Бабашов А.К. - философия илимдеринин кандидаты; Тюлегенов Т.А. - философия илимдеринин кандидаты; Жунушова Г.М. - философия илимдеринин кандидаты; Ибраев М.Э. – илимий кызматкер; Нусубалиева Г.Б. - философия илимдеринин кандидаты (**катчы**).

## КҮН ТАРТИБИ

1. **Алымбаев Абдрахман Мырзагуловичтин 09.00.03 – философиянын тарыхы адистиги боюнча философия илимдеринин**

**доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган “Байыркы кыргыз дүйнөтаанымынын мифо-эпикалык табияты: Теңир философемасынын эволюциясы” аттуу темадагы докторлук диссертациясын талкулоо.**

**Р.Б. Салморбекова:** Урматтуу кесиптештер! Баарыңарга белгилүү болгондой, бүгүн Алымбаев Абдрахман Мырзагуловичтин 09.00.03 – философиянын тарыхы адистиги боюнча философия илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган “Байыркы кыргыз дүйнотаанымынын мифо-эпикалык табияты: Теңир философемасынын эволюциясы” аттуу темадагы докторлук диссертациясын талкуулайбыз. Алгачкы сөздү изденүүчүнүн өзүнө берели, кыскача диссертациянын мазмунун тааныштырып өтсүн.

**А.М. Алымбаев:** Урматтуу Кеңейтилген Жыйындын катышуучулары! Сиздердин кароонуздарга менин көп жылдык эмгегимдин жыйынтыгы болгон 09.00.03-философиянын тарыхы адистиги боюнча философия илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган “Байыркы кыргыз дүйнөтаанымынын мифо-эпикалык табияты: Теңир философемасынын эволюциясы” аттуу диссертациям талкууга сунуш кылынат.

**Теманын актуалдуулугу.** Сунушталып жаткан тема Теңир философиясынын убакыттын өтүшү менен анын эволюциялык жолун изилдөөгө, анын өнүгүшүнө философиялык көз караштa байкоо жүргүзүүгө жана байыркы кыргыздардын дүйнө таанымынын өзгөрүшүнө ар кандай факторлордун таасирин аныктоого багытталган. Кыргыз элинин салттуу маданиятын тереңирээк түшүнүүгө жана анын өзгөчөлүктөрүн аныктоого мүмкүндүк берет, бул кыргыз дүйнө таанымын түшүнүү үчүн гана эмес, ошондой эле бүтүндөй дүйнөнүн ар кыл элдеринин маданий мурастарын урматтоо жана туура мамиле жасоо үчүн да маанилүү.

Бүгүн дүйнө кеңири ачылып, жашоонун ритми болуп көрбөгөндөй өзгөрдү. Коомду өзгөртүп жатып, адамдар өздөрү да билинбей, тынымсыз өзгөрүп

жатышат. Айрыкча компьютер менен мобилдик телефон кийинки эле 10-15 жылдын аралыгында адамдын ан-сезимин өзгөртүүгө өтө чон таасирин тийгизүүдө. Бүгүнкү жашоону интернетсиз элестетүүгө мүмкүн эмес. Бирок, ошол эле убакта кечеги адамзаттын басып өткөн жолу менен иши жок, бул ийгиликтерге адамзат кантип жеткенине ой жүгүртпөгөн, өзүнүн түпкү тамырына жана дүйнөтаанымына баа бербеген, түпкү ата-бабаларынын басып өткөн жолуна кызыкпаган, бүтүндөй бир муундун манкурт өкүлдөрү өсүп чыгууда. “Өткөнүн унуткан элдин келеги жок” деген сөз бар. Ошондуктан эртенки жаштар эмне болот, алар кантип жашайт, эмнени ойлонот, адамзаттын улуу жолун кантип улантат деген толгон-токой суроолор жаралууда. Андан улам ар бир коомдун алдынкы өкүлдөрү өздөрү жашап жаткан коомду, андан ары жалпы адамзат коомун кантип сактап калабыз деген оор ойлорго жооп издеп жатышат.

Батыш Европанын көрүнүктүү философторунун бири Освальд Шпенглердин башкы темасы тарых болгон. Ал: “тарых илим эмес, ал - эскерүү”, “чыныгы философия ал – тарыхтын философиясы” деген ойду айтып, аны өмүр бою өз изилдөөлөрүнүн өзогү катары алып жүрүп отурган. Тагырак айтканда, О.Шпенглердин пикири боюнча: “всякое настоящее историческое исследование есть настоящая философия”. Бирок, анын ою боюнча, “тарыхтын маңызы болуп маданият саналат”. Ошондуктан тарыхты изилдөо деген сөз ал маданияттын тарыхын жана философиясын изилдөөнү билдирет. Батышта аны “маданияттын философу” деп айтышканы да ушундан улам. Ал бул ойлорун өзүнүн атактуу “Закат Европы” деген чыгармасында да кеңири анализге алган.

Менин жеке пикиримде да, тарыхтын өзүнө караганда тарыхтын философиясын изилдөө андан да маанилүү жана баалуу. Ошол себептен, биздин ушул илимий ишибизде да тарыхый фактылар менен кошо философиялык анализдер аралаш жүрөт.

Ушуга байланыштуу кыргыз элинин философиялык ой жүгүртүүсүнүн генезисин, калыптанышын жана өнүгүшүн, философиялык мааниге ээ идеялардын келип чыгышынын практикалык тажрыйбасын, адамдардын дүйнө таанымынын ырааттуу этаптарын терең түшүнбөй туруп, ар тараптуу талдоо мүмкүн эмес. Ошондон улам, социо-маданий реалдуулуктун контекстинде, өзгөчө элдин руханий мурасынын маанилүү аспекти болгон теңирчиликтин идеялык маңызын талдоо зарылчылыгы келип чыкты.

Кыргыздардын философиялык мурасын талдоо жалаң гана илимий максаттарды көздөбөйт – ал биринчи кезекте коомдун маданий турмушунун заманбап көйгөйлөрүн чечүүнү камтыйт. Өткөн доордун маданий баалуулуктарына кайрылуу, теңирчиликтин дүйнө таанымдык аспектилерин изилдөө инсандын интеллектуалдык, маданий, руханий жана адеп-ахлактык өнүгүүсүнө өбөлгө түзөт.

Постсоветтик мейкиндикте акыркы ондогон жылдардагы теңирчилик системалуу илимий изилдөөлөрдүн предмети болуп калды. Ошол кезде монографиялык изилдөөлөр, көптөгөн жыйнактар жана макалалар жарык көргөн, жеке докторлук жана кандидаттык диссертациялар корголуп, аларда теңирчиликтин айрым маанилүү жактары ачылган. Бирок, Кыргызстанда теңирчилик байыркы кыргыздардын мифоэпикалык дүйнө таанымы катары изилдене элек. Ошондон улам, кыргыздардын теңир философемасынын эволюциялык баскычтарын системалаштыруунун актуалдуулугун тарыхый-философиялык жактан түшүнүү зарылдыгы келип чыккан.

Жогорудагы фактыларды эске алганда кыргыздардын дүйнө таанымындагы Теңир философиясынын маңызын изилдөө азыркы мезгилде өзгөчө маанилүү болуп тургандай.

**Диссертациялык иштин илимий жаңылыгы.** Кыргыздардын ачык, өзгөчө жана спецификалык дүйнө таанымы катары теңирчиликке

концептуалдык тарыхый-философиялык анализ берүүгө аракет кылгандыгында. Атап айтканда, диссертацияда:

- мифо-эпикалык дүйнөтаанымдын философиялык маңызына талдоо жүргүзүлдү;
- Теңир философемасына илимий анализдер жасалды;
- Байыркы кыргыздардын Тенир дүйнөтаанымын эволюциялык этаптары анализге алынды;
- Теңир жана Ислам дүйнөтаанымындагы элементтердин синкретизми талдоого алынды;
- теңирчиликтин атрибуттары (ырым-жырымдар, символдор жана сыйынуулардын обьектилери ж.б.) мифо-эпикалык аспектиден изилденди;
- Кыргыздардын мифо-эпикалык дүйнө таанымынын азыркы коомго тийгизген таасирлери философиялык көз караштан иликтенди;
- мифо-эпикалык дүйнөтааным философиясынын кыргыздын улуттук өзгөчөлүгүнүн (иденттүүлүгүнүн) калыптанышындагы орду аныкталды;
- Теңир философемасынын азыркы кыргыз маданиятында колдонуу тажрыйбасы изилденди.

Апробациядагы баяндамаларга караганда, бул изилдөөнүн темасы окумуштуулардын жана коомчулуктун өкүлдөрүн абдан кызыктырат. Дүйнөтааным жана улуттук маданият чөйрөсүндөгү саясат бүгүнкү өзгөрүү доорунда илимий жактан негизделген келечектүү жоболорго мурда болуп көрбөгөндөй муктаж.

Мектептер жана жогорку окуу жайлары үчүн Кыргызстандын тарыхы жана дүйнөтаануу боюнча окуу китептери жыл сайын чыгарылып турат. Бирок, кыргыздардын мифоэпикалык дүйнө таанымынын келип чыгуу, калыптануу жана таралуу мезгилдери жана мейкиндиги боюнча окуу китептери аз. Байыркы жана орто кылымдардагы кыргыздардын ишенимдерине мүнөздөмө

берүү ушул убакка чейин шаманизмдин денгээлинде жана анын бир формасы катары сүрөттөлүп келген. Ошондуктан, автор окуу китептерин, монографияларды жана башка басылмаларды басып чыгарууда бул көйгөйдү бир кыйла объективдүү чагылдырууга ар тараптуу жардам көрсөтүүнү сунуш кылынат.

**Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору.**

Байыркы кыргыздардын мифоэпикалык дүйнө таанымын Теңирчиликтин негизинде тарыхый-философиялык талдоо жүргүзүү. Бул ыкма диссертациянын жалпы жоболорун аныктоого мүмкүндүк берет:

- Мифоэпикалык дүйнөтааным миф, уламыштар менен эпостордо баяндалган адамдын ой жүгүртүүсүн жана дүйнө таанымын билдирүүнүн өзгөчө формасы экендигинде. Алар адамдын жашоосунун ар кандай аспектилерин түшүндүрүү жана чечмелөө үчүн колдонулган дүйнөнүн символикалык корүнүшү. Мифоэпикалык дүйнөтааным философиялык идеяларды жана түшүнүктөрдү камтыган, адамдын жашоосунун маанисин жана максатын түшүнүүгө жардам берген, ошону менен катар ааламдын жаралышы, андагы адамдын орду жана ролу жөнүндө идеяларды сунуш кылат.
- Мифоэпикалык дүйнөтаанымдын негизги өзгөчөлүктөрүнүн бири – ата-бабалардын билимин, тажрыйбасын муундан муунга оозеки өткөрүп берүү жөндөмдүүлүгү. Мифтер жана эпостор, өткөн тарыхты таанып-билүүнүн булагы гана болбостон, салттарды, баалуулуктарды сактоого жана жеткирүүгө өбөлгө түзгөн муундар ортосундагы багытталган байланыштын формасын да билдирет. Мындан тышкары Мифоэпикалык дүйнөтааным адамзат үчүн откон доорлор менен тарыхый байланышты ишке ашырууга шарт түзүп, мейкиндикти кеңейтет, болмуш, жашоонун мааниси жана ар бир инсандын коомдогу орду тууралуу суроолордун айланасында ой жүгүртүүго түрткү берет. Дегеле мифоэпикалык дүйнөтааным озүн дүйнө таанымдын бир архаикалык формасы катары көрсөтүү, турмуштук чындыктарды жана улуттук баалуулуктарды символикалык чагылдыруу жөндому аркылуу

философиялык мүнөзгө ээ. Ал бизге ой жүгүртүүнүн жана дүйнөнү түшүнүүнүн жаңы горизонтторун ачууга, аң-сезимибиздин структурасын жана чындыкка болгон мамилебизди терендетүүгө мүмкүндүк берет.

- Теңир түшүнүгү байыркы кыргыздардын мифоэпикалык дүйнөтаанымынын өзөктүү элементи катары терең философиялык мааниге ээ. Кыргыз салтында Теңир адам жашоосунун ар кыл тармагына таасир тийгизе турган өзгөчө сапаттарга ээ сыйкырдуу күчтөрдү, кудайларды же рухтарды билдирет. Кыргыз мифоэпикалык дүйнөтаанымынын өзөгү катары "Теңир" түшүнүгүн философиялык жактан талдоого алуу, анын адам жана тыш дүйнө менен анын байланышын түшүнүү үчүн канчалык маанилүү экенин көрсөтөт. Жаратылышка, космоско жана бизди курчап тургандын бардыгына терең урмат көрсөтүүнү билдирет жана алар менен гармонияда жашоонун маанилерин баса белгилейт.
- "Теңир" түшүнүгү дүйнөдөгү бардык субъекттердин өз ара байланышы жана бири-бирине көз карандылыгы идеясы менен байланышкан. Жаратылыштын, өсүмдүктөрдүн жана фаунанын ар кандай аспектилери, айлана-чөйрөнүн сырдуу кубулуштары, адамдар менен табияттын ажырагыс бүтүндүгү бул дүйнөтаанымдын негизи болуп саналат. Бул философиялык окуу жашоонун бардык тармактарында тең салмактуулукту жана гармонияны сактоонун маанилүүлүгүн эске салат. "Теңир" түшүнүгү кыргыз маданиятынын жана ой жүгүртүүсүнүн көптөгөн аспектилерине сиңип, мифтерде, ырым-жырымдарда жана салттарда чагылдырылган. Бул адамдарга дүйнө жүзү боюнча багыт алууга жардам берет, аларга этикалык жана адеп-ахлак нормалары боюнча көрсөтмөлөрдү сунуш кылат жана алардын ата-бабалардын басып өткөн жолун, жасаган иштерин баалоого жана урматтоого тарбиялайт.
- Мифоэпикалык дүйнөтааным Кыргыз коомунда "Теңир" түшүнүгүн философиялык жактан талдоого алуу, элдин философиялык ишенимдерин жана баалуулуктарын, ошондой эле жаратылышка, курчап турган дүйнөгө жана Теңирге болгон мамилесин терендеп түшүнүүгө мүмкүндүк түзөт. Тенир

теоними жана анын этимологиясын изилдөө аркылуу ар кандай маданияттар жана алардын философиялары жөнүндөгү түшүнүгүбүздү кеңейтүүгө жардам берет.

- Кыргыздын салттуу маданиятынын жана философиясынын негизинде кыргыздын мифоэпикалык дүйнөтаанымынын философиясы жатат. Анда мифологиялык жана эпикалык элементтер айкалышып, кыргыздардын аң-сезиминин жана дүйнө таанымынын өзгөчөлүктөрүн чагылдырылат. Тенир дүйнө таанымдын мифо-эпикалык философиясында негизги орунду жаратылышта жана жашоонун бардык чөйролорүндө көзгө көрүнбөгөн сырдуу күч болгон Теңир – жогорку кудай же абсалюттук рух түшүнүгүн ээлейт. Теңир адам, жаратылыш жана мейкиндиктин ортосундагы гармонияны, тең салмактуулукту жана биримдикти чагылдырат. Угуз каган – Теңир дүйнөтаанымынын негиз салуучусу экендиги аныкталды.

- Теңир дүйнө таанымынын мифо-эпикалык философиясынын негизги идеяларынын бири – бардык нерселердин биримдиги жана дүйнөнүн бардык элементтеринин өз ара байланышы жөнүндөгү идея болуп саналат. Адам ааламдын бир бөлүгү катары каралып, жаратылыш менен шайкеш жашоого, уламыш-мифтерде жана эпостордо айтылган этикалык жана моралдык нормаларды сактоого умтулат. Киши уулу - тик жана тегиз дүйнөнүн колдоочулары колдогон ортонку дүйнөнүн ээси катарында кеңири чагылдырылат.

- Теңирдин дүйнөтаанымынын мифо-эпикалык философиясынын негизги элементтери болгон мифтер менен эпостор ата-бабалардын баалуулуктарын, акылмандыгын, тажрыйбасын өткөрүп берүүдө чоң роль ойнойт. Кыргыздардын асман, жер жөнүндө түшүнүктөрү Теңир философиясынын алкагында изилденди. Бул изилдөө, кыргыздарга түпкү дүйнө таанымды жана салттуу билимдерди муундан-муунга өткөрүп берүүгө жана сактоого жардам берери баса белгиленди.

- Кыргыз коомундагы Теңир элементтеринин сакталышы жана анын ислам дүйнө таанымы менен болгон синкреттик көрүнүштөрү биз билгенден

да күчтүү  экени байкалат. Кийинки мезгилде өлкөдө кабыл алынган салттуу ишеним менен исламдын ортосундагы байланыштар Тенир дүйнөтаанымын терендетип изилдөө зарылдыгын тастыктайт. Тарыхта, ислам дүйнөнү каптаган күч катары өзүнүн татаал мифологиялык жана диний ишенимдери менен Теңир ишеними өкүм сүргөн аймакка келип кирген. Бул процесс жүздөгөн жылдарга созулган. Эки дүйнөтаанымдын синкретизминин натыйжасында анын кайчылаш таасирлери жана элементтеринин айкалышы пайда болгон. Мисалы, ислам дүйнө таанымында адамдын мистикалык ой жүгүртүүсү жана медитация аркылуу Адам менен Кудайдын байланышы жөнүндөгү түшүнүктөр бар. Бул көрүнүштөр кыргыз салтындагы сыйкырдуу кубулуштарга жана Теңир менен байланышкан түшүнүктөргө барып такалышы мүмкүн. Мисалы, кыргыз мусулмандары өздөрүнүн күндөлүк турмуштарында ар кандай диний ырым-жырымдарды, сыйынууларды жана майрамдарды киргизишкен, бирок алардын “кадыр түн төсуу” сыяктуу кээ бир ритуалдары Теңирге тиешелүү элементтер менен айкалышкан.

- Турмушта Теңир дүйнөтаанымына байланышкан обьектерге (мисалы: тоо, суу, дарак, мазар ж.б.) байланышкан сыйынуу салттары ислам элементтери менен аралаш жүрөт да, бирок кудай катары Тенирдин ордуна Алланын ысмы айтылат.  Теңирдик жана исламдык дүйнө таанымдагы элементтердин мындай синкретизми Тенир дүйнөтаанымы боюнча илимий изилдөөлөрдүн аздыгы жана кийинки мезгилде ислам ишениминин жаны дем, күч менен жайылып жатышына байланышкан татаал процессти чагылдырат. Бул көрүнүштөр ошондой эле маданий контексттерде адамдын дүйнө таанымынын ийкемдүүлүгүн, адаптациясын жана убакыттын өтүшү менен диний практикадагы өзгөрүүлөрдү чагылдырат.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү.** Диссертациянын структурасы изилдөөнүн негизги максаттарына жана милдеттерине баш ийдирилген. Диссертация кириш сөздөн, он параграфтан турган төрт бөлүмдөн, корутундудан жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат.

Диссертациянын жалпы көлөмү 265 барак, колдонулган булактардын саны 180.

Көңүл бурганыңыздар үчүн чоң рахмат!

**Р.Б. Салморбекова:** Урматтуу коллегалар изилдөөчү өзүнүн докладынын аягына чыкты. Анда суроолор болсо берсеңер. Кимде суроо бар?

**К.С. Сариева:** Менин суроом: Жеңиш Ашыралиевдин иши менен сиздин тааныштыңыз барбы?

**А.М. Алымбаев:** Тенирчилик боюнча Ж.Ашыралиевдин эмгеги менен таанышмын. Ал өзүнүн диссертациялык ишинде "адал", "арам", "кесир" категорияларынын Теңир дүйнөтаанымынан ислам динине өткөнү тууралуу философиялык анализ жасаган. Анан дагы ачыгын айтсам, менин эки кемчилигим бар деп эсептейм. Анын башкы себеби – менин тарыхтан философияга келип атышыма байланыштуу. Бирок, бул менин артыкчылыгым болушу да мүмкүн. Тарыхтын философиясына болгон кызыгуума О.Шпенглер сыяктуу философтордун: "Тарых деген илим жок, ал жөн гана эскерүү. Тарыхты анализге алып изилдөө – ал тарыхтын философиясынын предмети" деген ойду айткан. Бул мени бир топ ойлондурду. Ошондон баштап, мен тарыхтын философиясын изилдөөгө бет алдым. Экинчи кемчилигим - ишим боюнча, негизинен чет элдик авторлордун эмгектерине таяндым, кыргыз авторлорунун эмгектери менен толук тааныша элекмин. Күзгө чейин бул кемчиликтеримди жойгонго аракет кылам.

**Р.Д. Стамова:** Сиз көбүнчө дүйнөлүк жана Россиялык булактарды колдонсонуз, анда 2005-жылы грант боюнча жазылган Козолупенко Дарья Павловна деген окумуштуунун " Миф на гранях культуры" деген эмгеги чыккан. Ал мифке ар тараптуу көз караштан системдүү анализ жүргүзүп, аны "маданияттын көп кырдуу кубулушу" деп айткан. Ошону карап койсонуз, сизге жакшы жардамы тиет. Бул эмгек сиздин ишиңизге көмөкчү болот. Мисалы,

этнографтар “основы мифа катары, считают как первобытную религию”. Но сушествует разные подходы мифа. Айтыңызчы мифте кандай подходдор бар?

**А.М. Алымбаев:** Негизинен миф тууралуу дүйнөдө (айрыкча батышта) көп эмгектер жазылган. Бирок, түрк-монгол элдеринде миф-уламыштарды изилдөөгө азыр гана кайрылып жатышат деп ойлойм. Мен мифтерди өзүмдүн кандидаттык дисертациямда булак катары карагам. Башкача айтканда, мифке тарыхый мамиле (подход) жасалган. Анткени, Лосев сыяктуу окумуштуулар мифтин өзөгүндө качандыр бир замандарда болуп өткөн окуялардын чындыгы камтылган деген ойду айткан. Ошондуктан мен да ага тарыхтын булагы катары карап, кыргыз этногенезине байланышкан уламыш-мифтерди чечмелегем. Мифке илимий, диний, философиялык, антропологиялык, культурологиялык ж.б. мамилелер жасалат.

**Г.М. Жунушова:** Теңирчиликти сиз дин катарында бердиңизби де дүйнөтааным катарында бердиңизби? Эгерде сиз теңирчиликти дин катары караган болсоңуз, анда анын классикалык диндер менен кандай окшоштуктары жана айырмачылыктары бар?

**А.М. Алымбаев:** Теңирчилик дин эмес. Бирок, Теңирчиликте диндин элементтери бар, ал ар кандай мезгилдерде жана көчмөн коомдордо диндин функциясын да аткарган. Ал - уруунун денгээлинде бутпарастык ишеним (язычество) да эмес. Орус окумуштууларынын копчүлүгү (айрыкча советтик окумуштуулар) тенирчиликти негизинен шаманизмдин бир формасы катары карашкан. Байыркы хун жана орто кылымдагы түрк-монгол элдеринде ал мамлекеттик диндин жана идеологиянын функцияларын да аткарган дүйнө тааным болгон. Бирок, аны дин деп да айтуу да туура эмес. Эгерде дүйнөтааным десек, анда анын ичинде дин да, философия да, идеология да баары бар. Мен тенирчиликти дуалисттик мүнөз камтыган деисттик окуу катары эсептейм.

**К.Ш. Карабукаев**: Теңир дүйнөтаанымына азыркы учурда түрк-монгол окумуштуулары абдан көп кайрылып жатышат. Орто Азиядагы элдердин арасында айрыкча кыргыздарда теңирчиликтин элементтери көп сакталган деген ойлор бар. Бул боюнча, Дастан Сарыгуловдун эмгектерин эмгектерин карап көрдүңүзбү?

**А.М. Алымбаев:** XX кылымдын башына чейин теңирчиликке аралашкан ислам элементтери тууралу сөз кылсак, азыркы учурда исламда сакталган тенирчиликтин элементтери тууралуу айтышыбыз керек. Тарыхчылардын көбү 20- кылымга чейин кыргыздар өздөрүн "мусулманбыз" деп айтышканы менен анын эрежелерин толук сакташкан эмес дегенди белгилеп жазышкан. Ислам орто кылымда идеология катары да колдонулган. Карахандар дөөлөтү исламды кабыл алгандан баштап, анын айрым элементтери мамлекеттин курамындагы кыргыз урууларына да жайылып, ал турсун "Манас" эпосуна да исламдын элементтери кирген. Мисалы, менин жеке пикиримде дал ошол орто кылымдарда Манастын атасынын ысмы "Жакыпка" айланган. Академик Жирмунскийдин: кыргыздын "Манас" эпосунун башатында алтайлык "Алып Манаш" эпосу жатат деген пикирге ге кошулам. Башкача айтканда, Манастын атасынын ысмы "Жакып" эмес, "Байбарак" баатыр болушу мүмкүн? Семит элдеринин ыйык китептеринде "Иаков" жана анын уулу "Манасия" деген каармандар бар. Аны сиздер жакшы билесиздер. Молдолор: Манастын ысмы ыйык китептерде да жазылган, анда анын атасынын ысмы "Байбарак" эмес, "Жакып" деп айтылат, мындан кийин "иттин атын" айтпай, Жакып деп айткыла деп, атайын, а балким өздөрү жакшы түшүнүп-түшүнбөй, элди ислам динине тартыш үчүн Манасты "мусулманга" айлантып башташкан. Ошентип, орто кылымдан баштап, ислам миссионерлеринин күчү менен алмашылган. Албетте теңирчиликтин көптөгөн элементтери жок болду. Ошол үчүн байыркы кыргыз дүйнөтаанымын изилдөөдө алтай элдеринин миф-уламыштарына кайрылдым. Анткени, байыркы кыргыздардын негизги бөлүгү ушул аймакта жашашкан.

**Р.Д. Стамова:** Тарых жалаң эле илгерки эле эмес, азыркы учур катары да карайлы. Теңирчилик боюнча он жыл мурун казактарда, кыргыздарда да бир агым чыкты. Эмне үчүн  мамлекет аны кысып жатат?

**А.М. Алымбаев:** Анарбек Усупбаев, Дастан Сарыгулов башында турган бир топ Тенирчиликти дин катары Минюстан каттоо боюнча Демилге топко кошулсаныз деген сураныч менен мага да кайрылышкан. Мен аны дин катары кабыл алганга каршы болуп, макул  болгон эмесмин. Байыркы кыргыз дүйнөтаанымына жана ислам дининде сакталган тенирчиликтин элементтери тууралу мен өзүмдүн илимий макалаларымды  “Адамтаануу” окуу китебине да жарыялап, киргизгенмин. Мен ошондо ошол топко: эгер тенирчилик менен исламдын ортосундагы карама-каршылыкты жок кылалы десек, анда аны илимий жактан изилдей турган бир борбор түзөлү дедим. Бирок, алар: адегенде дин катары Минюстан каттоо зарылдыгы болуп жатат, анын “андай-мындай” артыкчылыктары бар деп, бир топ нерселерди айтышкан. Ошол бойдон мен алар менен байланышкан жокмун. Алардын арасында биздин философ кызыбыз Гүлзат Аалиева да жүргөн.

**К.Ш.  Дюшалиев:** Философиянын тарыхы  жөнүндө кеп болуп жаткандыктан, мында методологиялык суроо жаралып жатат. Философия истории  же истории  философиябы? Теңирчиликти дүйнө тааным деп карай турган болсоңуз анда  мындай суроо: Теңирчиликте аалам, аң сезим, коомдук кубулуштар дүйнөтааным катары кандай каралган? Мисалы, биз окуганда Кытайда мындай маселеге көңүл бурулган, Грецияда мындай теория каралган деп айтылат. Эгерде дүйнөтааным катары карасак, теңирчиликте аалам, аң-сезим, коом жөнүндө  кандай айтылат?

**А.М. Алымбаев:** Теңирчиликте Ааламдын, Асман менен Жердин жана жогорку дүйнө менен төмөнкү дүйнөнүн ортосундагы Киши уулунун жаралышы тууралу Энесай жазууларында жана эпикалык чыгармаларда айтылган. Менин темам Тенирчиликтин “мифо-эпикалык табияты” болгондуктан, атайын “Огуз наме” менен “Манас” эпосторунда айтылгандарга

көбүрөк кайрылдым. Алардагы айтылган фактыларды Алтай аймагында жашаган элдердин уламыш-мифтери менен салыштырып анализге алдым. Негизи Ааламдын жана Адамдын жаралышы тууралу дүйнөлүк эки версия бар: Семит варианты жана Арий варианты. Семит варианты “Адамдың жаралышын” топурак менен байланыштырса, Арий варианты Адамдын жаралышын кудайдын өзү менен бир карайт. Башкача айтканда, арий версиясы боюнча “биринчи адам” Ману - Кудайдын баласы. Ал эми Ааламдын жаралышы жана түзүлүшү тууралу сөзгө келсек, анда Тенир дүйнө таанымында аалам “үч катмардан” турган тик (вертикал) дүйнө (Жогорку, Төмөнкү жана Ортонку) жана “үч бөлүктөн” турган тегиз (горизонтал) дүйнө (Чыгыш, Батыш жана Борбор) тууралу өзгөчө басым жасалат.

**Ч.Т.Нусупов:** Теңирчилик проблемасы батышта философиялык, антропологиялык, культурологиялык жактан каралган. Сиз Лосевдин миф жөнүндө айтканын айтып өттүнүз. Анан дагы сиз Тениричиликти “дин эмес”, “ал дуалисттик мүнөзгө ээ дүйнөтааным” деп жатасыз. Тенирчиликтин андан башка дагы диндерден айрымачылыктары барбы?

**А.М. Алымбаев:** Андан башка дагы, анын диндерден айрымасы – ал дин эмес, ал - деисттик окуу. Деизм – ал Ааламды жана Адамды Кудай жаратканын тааныган, бирок, диндер сыяктуу догмалары, атайын бир сыйынуу хырамдары, ортомчу адамдары жана эрежелери болбогон окуу. Диссертацияда негизинен Тенир дүйнөтаанымынын алгачкы пайда болуу мезгилдерине жана кандай эволюциялык жолду басып өткөнүн анализдөөгө басым жасалды. Бүгүнкү күнү Чыгыш элдеринде (Алтай, монгол жана жапан) тенирчиликтин буддисттик (ламаизм, синтоизм) элементтери аралашкан формалары да жашап жатат. Бирок, мен аларды ишиме киргизген жокмун.

**Р.Б. Салморбекова:** Суроо жок болсо, анда талкуууга өтсөк. Өскөн Козубаевич, сөз сизде.

**Ө.К. Козубаев:** Абдрахман өзү мыкты публицист, анын философияга келип калышынын негизги себептеринин бири да ушул деп ойлойм? Анын “Улуттук эс тутум” деген китебин окугам. Ошол китептен, анан ушул диссертациясын окугандан кийин, кантсе да анын эркин ойлогон киши экенин көрдүм. Иш философиялык жактан тилин кароого муктаж, аны ондосо болот, иштешебиз. Ар бир коюлган маселе боюнча автордун жекече ою бар. Жана, алдыда “тарыхтын философиясы” жөнүндө туура айтылды, ошондуктан диссертациялык иштин стилине жана талаптарына карата өзү айткан Шеллинг, Гегел ж.б. көңул буруп, философиянын изилдөөнүн обьектиси, предмети катары аларды кайра карап коюш керек деп ойлойм. Именно, алардын философиялык ойлорун киргизе алса, авторго утуш болот. Убакыт бар. Ошонун баары диссертациянын темасына жана жактоого терс таасири болбошу керек. Ал эми структураны дагы бир жолу иштеп, карап койсо, туура болот. Буга чейин айтышканын өзү ачык айтып жатпайбы, өзү негизи өзүнүн кемчилигин ачык айткан адам аз болот. Жеке пикиримде, иште көрүнүп турган мүчүлүштүктөрдү эске алуу менен жактоого сунушталсын деген ойумду айтам.

**Р.Б. Салморбекова:** Ырахмат! Сөз Калбүбү Сариевнада.

**К.С. Сариева:** Мен изденүүчүнү көптөн бери чыгармачыл адам катары жакшы билем. Чыгармачыл адамдардын ичинен айрымаланып, ал илимге келди. Мен Абдрахманды оратор катары да билем, аркандай кырдаалдан чыгып кете алат. Бирок, иш философиялык эмгек болгондуктан, башка нерселерди аралаштырууга жол бербеш керек дегенди айткым келем. Негизи эле көбүбүз батыштын же чыгыштын тегерегинде көп кеп кылабыз, бирок кыргыздар жөнүндө аз айтабыз. Мен бул диссертанттын андай дооматтан алыс экенин көрдүм. Ал батыш же чыгыштын көз карашы менен карабай, Алтай аймагында жашаган доордогу байыркы кыргыздардын өзүнүн көзү менен кароого аракет кылганы көрүнүп турат. Мен адабияттарды карап отуруп, бирок алардын таасирин көп көрө алган жокмун. Биздин кыргыздардын

дүйнөтаанымы жөнүндө сөз болгондо, жанагы Чоюн Өмүралиев, Дастан Сыгулов өндүү адамдарга философтун илимий даражасын бергиле деп качантан бери жүрүшөт. Ооба алардын жакшы талдаган иштери бар, бирок философиялык деңгээли кандай болду экен, аны да эске алсаңыз туура болот деп ойлойм. Убакытты, кыймылды б.а. аларды философиялык категориялар менен байланыштырсаңыз жакшы болот. Мен жана суроо бердим Жеңиш Ашыралиев тууралуу карап койсоңуз деп. А киши өзү өтүп кетти, бирок, монографиясы калды. Мифоэпикалык  жөнүндө сөз болуп жатканда, мифоэпикалык коз караштa категорияларды кандай каралган, ошого көбүрөк көңүл буруңуз. Анткени, ал тууралуу талаш тартыш көп болгон. Ал кишинин өзүнчө концепциясы бар болчу. Мисалы, кайып дүйнө жөнүндө. Дагы бир көңүл бөлө турган нерсе “байыркы кыргыз дүйнө таанымынын мифоэпиканын табияты” деп жатасыз. Табият бирөө эле да. “Мифо-эпикалык табият” десениз, анда “эки табият” болуп жатпайбы. Менимче, “байыркы кыргыздардын мифо-эпикалык дүйнөтаанымы” деген туура го? Бул менин алгачкы алган таасирлерим. Дагы алдыда убакыт бар. Сиз эркин ой жүгүртө аласыз, ошол жагынан алганда, сиз өзүнчө ишти туура алып кете алат деп ишенем. Мен да, Ө.Козубаевичтин сунушун колдойм.

**С.Т. Кайыпов:** Менин айтайын деп, шашылыш суранып жибергенимдин себеби бар. Биз бир убакта  80-жылдардын аягында,  90-жылдардын башында жаңы кадрларды даярдоо деген демилге көтөргөнбүз. Ошондо Абдрахман Мырзагулович, Темир Асанов, Мурат Кожобеков, Олжобай Каратаев ж.б. келишкен. Буларды биз тандап алгабыз. Ошолордун ишинин баары жакшы болду. Абдрахман Мырзагулович партиянын окуусуна кетип жатам, келип, кыргыз улуттук маданиятын өнүктүрөмүн деди. Мына ошол жерден Абдрахман Мырзагуловичтин философиясы башталды. Адамтануу, Кыргызтаануу дегенге тил, тарых, философия ж.б. бардыгы кирет. Алар да философия. Абдрахмандын философияга келип калганы законченемдүү. Ал капыстан эле келип калган жок. Эми  дисертацияга кайрылсак, мисалы,

орустун бир жигити абасына кайрылып жазат. Биринчи жолу орой, грубить этип, экинчи жолкусунда ийкемдүү, сылык айтат. Демек, адамдын кайрылган маданиятына жараша болот экен. Кээ  бир адамдар китептерден көчүрүп жазып, эле ишин көтөрүп келет. Абдрахмандыкы өзүнүкү. Мисалы, Лосевди ар ким ар кандай түшүнөт. Аны туурагандар бар. Ар кимдин өзүнүн стили болгону туура. Ошон үчүн карап аткан адам өзүнүн стилине салып, оңдоп келсин дегени менимче туура эмес. Иш түшүнүктүү жазылган болсо, максатына жетсе, эң башкысы ошол. Биз диссертацияны катасын, жана башка техникалык кемчиликтерин оңдосок болот. Мен Теңирчилик жөнүндө суроо берген жокмун, себеби  сөздүн өзүндө проблема бар да. Бирок, бүтүн дүйнө ушул боюнча кетип атат. Муну "Теңир философемасы" десе туура болмок. Андан кийин "табият" деген сөз тууралуу, "байыркы кыргыз дүйнөтаанымынын мифо-эпикалык табияты" эмес, это способ понимания. Бул жерде "эпикалык табияты" деген туура эмес болуп жатат? Ошондуктан "табият" деген сөздү башка сөз менен алмаштырса деген менин сунушум бар. Мына ушундай түшүнүк 3-глава жана 4-главасында да "мифо-эпикалык табият" тууралу туура эмес түшүнүк кетип жатат. Бул боюнча мен, Калбү Сариевнанын айтканын колдойт элем.  Миф-жалган, андагы айтылгандар туура эмес дешет кээ бирөөлөр. Жок, бул байыркы элдердин ишенген чындыгы. Ошон үчүн акыркы главаны дагы карап чыкса деген оюм бар. Эми, жалпысынан алганда мыкты жери-иш өз алдынча, өзүнүн күчү менен жасалган. Интернеттен же башка адабияттардан алып, чампалаган эмес. Ишке бир эмес, бир нече дисертацияга таандык материал киргизилген. Башка адамдарды угуп, Теңирчиик деген эмне экенин билбейсиң. Бул жерде конкреттүү маселе коюлуп жатат. Ишти бүткөн деп эсептейм. Коргоого сушуталсын.

**Ч. Т. Нусупов:** Здесь речь идет о тенгрианстве. Оң канат, Сол канат деп жатасыз мунун баары тарыхты айтып жатасыз. Анан кыргыздын туусунун түсү тууралу да сөз кылып кетипсиз. Ак, көк жана кызыл түстү айтыпсыз.

Ушул үч түстө Кыргыздын түсү камтылган депсиз. Ушул ойду дагы терендетип, түшүнүктүү кылып айтсаныз. Анан Теңирдин ысмы байыркы шумер мифтеринде да кезигет, ал тууралу мен ишинизден көрө албадым. Тенгрианство – ал философия, мифология жана идеология. Негизи иш жакшы экен, колдойм.

**Р.Б.Салморбекова:** Менимче, дисертациянын түзүлүшү, ар бир параграфтын аталышын да бир сыйра тактап чыгуу зарыл деп ойлойм. Кээ бир жерде публицистикага өтүп кетипсиз. Негизи ар бир параграф боюнча концепция иштеп чыгыш керек. Биздин жогорудагы сүйлөгөн окумуштуулар Батыш, Чыгыш философиясы тууралу айтып кетишти. Анан, бир дагы миф боюнча иштеген иштерге анализ бербепсиз. Теңир менен мифтин айрымасын көрсөтүш керек. Тенирчиликтин бирден бир өзгөчөлүгү деп, “дуалисттик” мүнөзүн өзүңүз айтып жатасыз. Экинчиси, Кудай проблемасына “дин эмес” деп интерпретация берип жатасыз. Эгер, ошондой деп эсептей турган болсоңуз, анда дин менен Теңирди ажыратыш керек. Тенирчиликти эч качан Ч.Валиханов изилдеген эмес, алар жөн гана жазып кетишкен. Теңирчилик дуалисттик дүйнөтааным болсо, анда аны табыш керек. Теңирчилик философиянын кайсы багытына туура келет. Исламдагы Тенирчиликтин кээ бир элементтери тууралуу айттыныз, бирок мен ага так түшүнбөдүм. Айрымасын так айтышыныз керек. Сиздин айтымыңызда, кандайдыр бир деңгээлде теңирчилик менен диндин ортосунда окшоштук бар. Бирок, аны сиз кайра дүйнөтааным деп жатасыз. Дүйнөтаанымында “миропонимание”, “мировосприятие”, “мирощущение” деген түшүнүктөр бар, алар Тениричликте кандай каралган, ошого көңүл бурсаныз. Дагы убакыт бар. Материал көп, жактоого сунуш кылам. Дагы жакшылап иштеп чыгалы. Каршы эмессиздерби?

**Ы.М. Мукасов:** Биринчиден, келип катышып бергениңиздерге ыраазычылык билдиребиз! Эми тема боюнча айттыңыздар, бул кыйынчылык жаратат. Теманы өзгөртүш өтө татаал процесс. Эми бардыгын окуп чыгып,

бардык айткандарды аткарабыз, Абдрахман Мырзагулович күзгө чейин карап чыгат. Ырахмат!

**Р.Б. Салморбекова:** Бул иште алгач илимий консультант болуп профессор А.К.Кулназаров бекилген экен. Ал киши өтүп кеткен. Азыр эми, экинчи консультант катары академик Ы.М. Мукасов бекилди.

Урматтуу кесиптештер! Жалпы жонунан талкуу бийик деңгээлде өттү десек болот. Диссертант жогоруда айтылган кемчиликтерди, сунуштарды, каалоо-тилектерди эске алат деп ишенебиз. Анда эмесе, сиздердин уруксатыңыздар менен диссертацияны ачык коргоого сунуштоо маселесине добушуңуздарды берип коюуңуздарды өтүнөм. **Макул** – баары, **каршы** – жок, **калыс** – жок.

Алымбаев Абдрахман Мырзагулович "Байыркы кыргыз дүйнөтаанымынын мифо-эпикалык табияты: Теңир философемасынын эволюциясы" аттуу 09.00.03 – философиянын тарыхы адистиги боюнча философия илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин талкуулоонун жыйынтыгы боюнча бүгүнкү жыйындын корутундусун жана токтомун бекитип коёлу.

## КОРУТУНДУ

**Теманын актуалдуулугу.** Өткөн тарых менен учурдун байланышы бир гана теориялык же философиялык таанып билүү үчүн эмес, практикалык жактан да актуалдуу. Өткөндүн баалуулуктары, айрыкча, руханий маданияттын улуу мурастары азыркы социалдык практикада да өз маани-мазмунун сактап келатат. Маселен, өз мазмунуна өткөндүн көп кылымдык мифо-эпикалык дүйнөтаанымын камтыган Кыргыз элинин ой жүгүртүүсүн билбей туруп, азыркы ар тараптуу өнүккөн, анын улуттук нарк насилине каныккан адамды калыптандыруу мүмкүн эместигинде талаш жок. Өткөн руханий казына, анын ичинде дүйнөтаанымга тиешелүү парадигмалар да бир

эле эскилиги, байыркылыгы менен баалуу десек бир жактуу тыянак болмокчу. Ошол байыркы бай казынанын ичинен нукура элдик, прогрессивдүү баалуулуктар гана азыркы руханий маданияттын, анын ичинде улуттук дүйнөтаанымга тиешелүү маданияттын өнүгүшүнө негиздүү зарыл өбөлгө боло алат.

Өткөн тарых менен учурдун байланышы бир гана философиялык таанып билүү үчүн эмес, практикалык жактан да актуалдуу. Өткөндүн баалуулуктары, айрыкча, руханий маданияттын улуу кенчтери азыркы социалдык практикада да өз маани-мазмунун сактап келатат. Маселен, өз мазмунуна өткөндүн көп кылымдык мифоэпикалык дүйнөтаанымын камтыган элдик ой жүгүртүүнүн бай тажрыйбасын таанып билбей туруп, азыркы ар тараптуу өнүккөн, кыргыз элинин улуттук нарк насили менен калыптанган адамды өстүрүп-тарбиялоо мүмкүн эместигинде талаш жок. Өткөн руханий казына, анын ичинде дүйнөтаанымдык парадигмалар да байыркылыгы менен гана баалуу десек бир жактуу тыянак болмокчу. Ошол байыркы бай казынанын ичинен нукура элдик, прогрессивдүү баалуулуктар гана азыркы руханий маданияттын, анын ичинде дүйнөтаанымдык тажрыйбаны өздөштүрүү келечектин өнүгүшүнө объективдүү зарыл өбөлгө боло алат.

**Диссертациялык иштин жаңылыгы.** Кыргыздардын ачык, өзгөчө улуттук дүйнө таанымы катары теңирчиликке концептуалдык тарыхый-философиялык анализ берилиши илимий иштин жанылыгы болуп эсептелет.

**Изилдөө ишинин теориялык жана практикалык баалуулугу.** Диссертациялык иштин негизги теориялык жоболору Кыргыз элинин философиялык ойлорун мындан аркы изилдөөдө, алардын өзгөчөлүгүн терең түшүнүүдө жана өнүгүшүнүн негизги аспектилерин аныктоодо, рухий баалуулуктар менен дүйнөтаанымга байланыштуу ойлорду ачып көрсөтүүдө кеңири колдонууга болот.

Изилдөөнүн жыйынтыктары Кыргызстандын рухий жашоосунун азыркы кездеги мазмунун, багытын байытууга, окуу-билим процессине, үгүттөө,

жайылтуу ишмердүүлүккө жана жаш муундарды тарбиялоого өз салымдарын кошмокчу.

Иштин материалдарын, анын теориялык жоболорун жана методологиялык жыйынтыктарын аспиранттарга жана студенттерге философиянын тарыхы, маданияттын философиясы, мифоэтикалык ойлордун тарыхы жана педагогика боюнча лекцияларды окууда, семинардык сабактарды өтүүдө кеңири пайдаланса болот. Ошондой эле иликтөөнүн корутундулары дүйнөтаанымга байланыштуу максаттуу мамлекеттик иш чараларды иштеп чыгуу процессине кеңири пайдаланууга арзыйт.

**Диссертацияга ылайык келген адистик.** Диссертациялык иште кыргыз мифо-эпикалык дүйнөтаанымы Тениричилик философемасынын негизинде каралган. Диссертациянын мазмуну 09.00.03 – философиянын тарыхы адистигине ылайык келет.

**Автордун илим изилдөөнүи жыйыитыгыиа айкын катышуусу жана иштин ишеничтүүлүгү.** Диссертациялык иш автор тарабынан өз алдынча аткарылган. Ал кыргыз элинин мифо-эпикалык дүйнөтаанымын изилдөөгө арналган көп жылдык илимий изилдөөнүн натыйжасы болуп эсептелет. Илимий изилдөөдө бай факты-материалдардын негизинде кыргыз элинин дүйнөтаанымдык көз караштарынын өнүгүүсүнүн негизги тарыхый этаптары автор тарабынан ишенимдүү ачылып берилген. Жүргүзүлгөн изилдөө ишинин баалуулугун автор тарабынан сунушталган жоболордун практикада колдонуу мүмкүнчүлүктөрү тастыктайт. Диссертациялык иштин негизинде апробацияланган практикалык аракеттер, ишти талкуулоо учурунда айтылган компетенттүү илимпоздордун эмгекке карата берилген баалары бул проблеманын негизинде жүргүзүлгөн изилдөө ишинин ишеничтүүлүгүн ырастайт.

**Диссертациянын структурасы жана көлөмү** Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясы тарабынан коюлган талаптарга толук жооп берет.

**ТОКТОМ**

1. Алымбаев Абдрахман Мырзагуловичтин 09.00.03 – философиянын тарыхы адистиги боюнча философия илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган “Байыркы кыргыз дүйнөтаанымынын мифо-эпикалык табияты: Теңир философемасынын эволюциясы” аттуу диссертациясы Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын докторлук диссертацияга коюлган талаптарына толук жооп берген иш деп табылсын.

2. Изденүүчү А.М.Алымбаевдин 09.00.03 – философиянын тарыхы адистиги боюнча “Байыркы кыргыз дүйнөтаанымынын мифо-эпикалык табияты: Теңир философемасынын эволюциясы” аттуу докторлук диссертациясына академик А.Алтмышбаев атындагы Философия институнун пикири жактырылсын.

**Жыйындын төрайымы,**
**социология илимдеринин доктору,**
**профессор** **Р.Б. Салморбекова**

**Жыйындын катчысы,**
**философия илимдеринин кандидаты** **Г.Б. Нусубалиева**